**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д.13.11.023 Диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 371:37.034(575.2.043.3)**

**Ержакыпов Муратбек Санакулы**

# ЛИДЕР-СТУДЕНТТЕРДИН СҮЙЛӨӨ МАДАНИЯТЫН ӨСТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана
билим берүүнүн тарыхы

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2012**

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору,
доцент **Ж.К. Каниметов**

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү мекеме:**

Диссертациялык иш жылдын саат дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.11.023 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетииин Илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат жылдын таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору,
доцент Чоров М.Ж.

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ааламдашуу шартында коомдогу жана билим берүүдөгү азыркы абал адамдардын өз ара коммуникативдик баарлашуусуна жана ушул багытта иш жүргүзгөн илимдерге өзгөчө көңүл бөлүнүү талап кылууда. Инсандын азыркы коомдогу турмушта ийгилике жетишүүсүндө, туура жашоосунда анын тил байлыгы жана сүйлөө маданияты зор мааниге ээ болууда. Үстүбүздөгү заманда адамдардын өз ара баарлашуу, пикир алмашуу, катнашуу иш-аракеттери тез өсүп-өнүгүп, аларды изилдеген психолингвистика, прагматика, стилистика, сүйлөө маданияты, коомчулук менен байланыш ж.б. жаңы илимдердин тармактары жана окуу предметтери пайда болууда. Ар кандай адистиктерди даярдоо алкагында окуу процессине кирген мындай илимий тармак, сабактардын көпчүлүгү филология жана тил илимдери менен түз байланышта. Ошону менен катар эле, инсандын сүйлөө маданиятын калыптандыруу процессинде мындай илимий тармактарды, мисалы, риторика илимин же сабагын пайдаланууда тил илимдеринин алкагы менен гана чектелүү азыркы талапка жооп бербейт.

Мурдагы совет доорунда тил илимдери жогорку деңгээлде өнүгүп, адабий тилдин нормасы калыптанганы менен практикалык баарлашуу маселеси четте калып келген. 1920-жылдары башталган сүйлөө маданияты деп аталган предмет дагы ушундай өңүттө калыптанууга бет алган. Ушул мезгилде жалпы элдин сабатсыздыгын жоюу иши ийгиликтерге жетишсе дагы сүйлөшүү этикети, маданияты төмөнкү деңгээлге түшкөн. Идеологиялык жана башка себептерден улам өткөн кылымдын 30-жылдары сүйлөө маданияты боюнча ушул багыттагы изилдөөлөр токтотулган жана сүйлөө маданияты проблемасы өзүнүн актуалдуулугун жоготуп, аны өстүрүүгө арналган сабактар жогорку окуу жайларында жана мектепте окутулбай калган. Сүйлөй турган адам тигил же бул мекеме тарабынан мурдатан идеологиялык алкакта даярдалган жана бекитилген, эч кандай өзгөрүүсүз, анын чегинен чыга албай турган текст боюнча гана чыгып сүйлөөгө мажбур болгон. Көпчүлүктүн алдында сөз сүйлөгөн адам чыгармачыл, эркин ой жүгүртүү менен өз оюндагысын айтуу жана аудитория менен жандуу байланышта болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган.

Ар кандай адистиктерди даярдоо алкагында окуу процессине кирген мындай илимий тармак, сабактардын көпчүлүгү филология жана тил илимдери менен түз байланышта. Ошону менен катар эле, инсандын сүйлөө маданиятын калыптандыруу процессинде мындай илимий тармактарды, мисалы, риторика илимин же сабагын пайдаланууда тил илимдеринин алкагы менен гана чектелүү азыркы талапка жооп бербейт. Ошондуктан, азыркы учурдагы ЖОЖдордо окутула баштаган сүйлөө маданияты, риторика ж.б. предметтерин окутуу программалары да тилдик, лингвистикалык, адабий норма менен чектелбеши зарыл. Себеби дээрлик көпчүлүк педагогдор жана окуучулар үчүн сүйлөө маданиятын калыптандыруучу сабактардын негизги мааниси жана милдети – студенттерди жогорку адистик жана инсандык деңгээлге көтөрүүгө шарт түзгөн сүйлөө маданиятына ээ болуусун камсыз кылууда турат.

Ошону менен бирге эле, сүйлөө маданияты педагогикалык окуу жайлардын студенттери үчүн да эң башкы орунда тураары жакшы белгилүү. Мугалимдин сүйлөө маданияты, сезими, тапкычтыгы, тактыгы ж. б. билим берүүнүн жана тарбиялоо искусствосунун иштиктүү факторлору болуп эсептелет. Педагогдун өзүнүн сүйлөө маданиятына таянып ситуацияларга жана кылык-жоруктарга так жана туура баа бере билүүсүнөн да көп нерсе көз каранды.

Учурда мурдагы совет өлкөлөрүнүн билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын башкы милдеттери болуп инсандын ички дүйнөсүн, чыгармачылык, интеллектик мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүп, өнүктүрүү, адамдын эмоционалдуу сферасын байытуу; элдик чыныгы руханий каада салттарды жана традицияларды үйрөнүүнүн билим берүүдөгү программаларын өздөштүрүүгө керектүү шарттарды түзүү ж.б. эсептелет.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагын өнүктүрүү доктриналарында, концепцияларында жана башка билим берүүгө тиешелүү расмий документтерде да жогорку окуу жайларда адистерди даярдоонун сапатына, алардын руханий-инсандык сапатына жана ички маданиятына зор көңүл бөлүнгөн. Ошондой эле, Кыргыз Республикасындагы шайлоо маселелери боюнча мыйзамдык актыларда да президенттик кызматка талапкерлердин сүйлөө чеберчилиги, темага ылайык өз түшүнүгүн, оюн мамлекеттик тилде туура айта билүү жөндөмү, сүйлөө маданияты зор мааниге ээ экендиги белгиленген.

Казакстан Республикасынын билим тууралы мыйзамынын 8-бабында да: «Билим берүү системасынын башкы милдети – улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, илим жана практика жетишкендиктеринин негизинде инсанды калыптандырууга, жетилтүүгө жана адистигин чындоого багытталган билим алуу үчүн керектүү шарттарды түзүү», - деп көрсөтүлгөн.

Арийне, азыркы коомго коммуникабелдүү, мобилдүү, дүйнөдөгү өтө тез өзгөрүүлөргө бат ылайыкташа алган, руханий-инсандык сапаты жана ички маданияты жогорку деңгээлдеги жаштарды даярдоодо улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, жетишкендиктер камтылган сүйлөө маданиятынын мааниси абдан зор жана бул маселе коомчулука жакшы белгилүү.

Ушул себептен, бүгүнкү күндө сүйлөө маданиятына, чечендик өнөрүнө карата кызыгуу кайрадан жанданып, бул багыттагы предметтер жогорку окуу жайларында окутулуп жатат. Анда, сүйлөө маданияты риторика предметинин ажырагыс бир бөлүмү катары саналууда. Мектептердеги жана жогорку окуу жайларындагы бүтүрүү экзамендеринде бүтүрүүчүлөрдүн сүйлөө маданиятына да өзгөчө көңүл буруу менен бул боюнча суроо-тапшырмаларды тесттерге да киргизүү маселеси каралууда.

Жогорку окуу жайлардын студенттерине риторика предметин окуутунун өзөгүн түзгөн– студенттердин логикалык ойлоо көндүмдөрүн калыптандыруу, тил байлыгын өстүрүү, сөздүк корун кеңейтүү, өз оюн дурус так түшүндүрүү, тилдик, сөздүк нормаларды сактоо менен ооз эки жана жазуу түрүндө көркөм жеткизе билүү, чыгармачылык менен ойлоо сындуу сапаттардын,

көндүмдөрдүн сүйлөө маданиятын өстүрүүдө жана жалпы эле адисти даярдоодо мааниси зор.

Ошондуктан студенттердин, өзгөчө алардын лидерлеринин сүйлөө маданиятын калыптандыруу жана өстүрүү маселесинин педагогикалык негиздерин иликтөө азыркы учурдун абдан актуалдуу жана зарыл талабы десек жаңылышпайбыз.

Мурдатан келеткан адистик боюнча сабактарды окутуунун тажатма салттуу ыкмалардын, теориялык грамматиканын ордуна кептик ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн жаңыча инновациялык чыгармачылык багыттарына өтүүбүз, жогорку деңгээлдеги сүйлөө маданиятын калыптандыруу – азыркы замандын талабы.

Бул көз караштан алганда окуу жайлардагы сүйлөө маданиятын калыптандыруу ишинин учурдагы деңгээли азыркы суроо талаптарга толук жооп берет деп айта албайбыз. Эне тилдин кайнар булагы болгон чечендик сөздөр, макал-ылакаптар, ата-бабалардан бери калыптанып келген салттык сүйлөө маданияты, чечендик өнөр студенттердин сөздүк корун байытууда, сүйлөө маданиятын көтөрүүдө пайдаланылышы керек. Кылымдар бою жыйналган тилибиздин байлыгы лидер студенттин эне тилди катарлап, тилдеги элдин рухун терең танууга мүмкүндүк берет.

Сөз маданиятынын калыптануу өзгөчөлүгүн, тарыхын иликтөөдө, сөз маданиятынын тил илими жана чечендик менен байланышын, максатын, милдеттерин, маңыз-маанисин ачууда салым кошкон изилдөөдө иштеринин катарында кыргыз окумуштуулары К.Тыныстанов, К.Карасаев, И.Арабаев, И.Батманов, Б.Орузбаева, Б.Юнусалиев, Т.Ахматов, К.Дыйканов, Э.Абдулдаев, А.Жапаров, А.Исаев, Э. Абдулдаев, С.Үсөналиев, Ж.Мукамбаев, Б.Исаков, В.Мусаева, С.Мусаев, А.Турдугулов, А.К. Чолпонбаев, Н.К. Календерова, А.Т.Калдыбаева, С. Рысбаев, А. Муратов, С.Закиров, Б.Өмүралиев, Н. Абдесова, С. Үсөналиев, А.Сапарбаев, Р. Эгембердиева, Т. Ашырбаев, А. Акматова ж.б.. эмгектери турат. Мисалы, 1968-жылы «Сөз маданияты жана стилистика» мектеп окуучулары үчүн окуу китеби Э.Абдулдаев, Б.Орузбаева жана А.Жапаров тарабынан иштелип чыгат. Сөз маданияты жана стилистика бөлүмү А.Жапаров тарабынан жазылып, анда анда илимий-теориялык мазмун басымдуулук кылат.

Соңку жылдары эгемендик алган республикалардын билим берүү системасында сөз маданиятын өстүрүүгө, чечендик өнөрдү үйрөтүүгө багытталган атайын эмгектер менен окуу куралдары жазыла баштады. Мисалы, С.Мусаев «Сүйлөө маданиятынын маселелери» деген эмгегинде кептин сапаттары теориялык жагдайда иликтенип, анда сүйлөө маданиятынын деңгээли, кептин тууралыгы анын тилдик нормалар менен катышын, нормаларды бузбай сактоо зарылдыгын камтыйт деп белгиленет. Ошондой эле, С.А.Давлетовдун «Сөз маданияты жана ага коюлуучу талаптар», «Сөз маданиятын өнүктүрүү – мугалимдердин негизги милдеттеринин бири» аттуу макалары, сөз маданияты боюнча лекциялары, А.К.Чолпонбаев, Н.К.Календеровалардын “Сүйлөө чеберчилиги” аттуу окуу-методикалык

куралы ж.б.у.с. эмгектерди белгилөөгө максатка ылайыктуу. Мындай көрүнүш акыркы кездерде сүйлөө маданиятына жетишээрлик көңүл бурулуп, кыргыз тил илиминде теориялык багыттагы илимий изилдөөлөр, эмгектер жаралып, сүйлөө маданиятын ар тараптан изилдөөгө алууга аракеттер болуп жатканынан кабар берет.

Ошондой эле, казак окумуштуулары Н.Оралбаева, С.Рахметова, А.Жапбаровдордун иликтөөлөрүндө казак тилинен окуган окуучунун тилин байытуунун жайы, маселелери иликтенген. Н.Курманованын «Чечендик өнөргө» байланыштуу жазылган изилдөөсү орто мектептерде чечендикти окутууга жана сүйлөө маданиятын өнүктүрүүгө арналган маңыздуу эмгек болуп эсептелет. Жогорку билим берүү тармагында чечендикти окутуу маселесине арналган А.Кыдыршаевдин «Чечендик таанууда окутуучунун илимий-усулдук негиздери» аттуу монографиясында студенттерди чечендикке үйрөнүүнүн илимий-усулдук маселелери изилденсе, Б.Салыхованын жогорку окуу жайда чечендикти өздөштүрүүгө арналган эмгегинде гуманитардык факультеттердеги студенттерге чечендик өнөрдү үйрөтүүнүн талаптары караштырылган.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин** иштеп чыгууда грек жана рим риторикасын түптөп, аны илимий даражага жеткирген Аристотель, Цицерон, Квинтилиан эмгектери, чечендик өнөрдүн өзүнчө теориясын иштеп чыккан Аль-Фарабинин риторикалык мурастары, М.В.Ломоносов, А.Ф.Михальская, Л.К.Граудина, Ю.В.Рождественский, Н.А.Безменова, Н.Н.Кохтев сындуу илимпоздордун риторика менен неориторика тармагындагы иликтөөлөрү, Т.А.Ладыженская, Э.С.Тайляшева, З.С.Смелкова, А.Байтурсынов, Б.Н.Головин, В.В.Виноградов сыяктуу ж.б. окумуштуулардын сөз маданияты менен стилистикасы багытындагы эмгектери, Л.С.Выготский, И.А.Зимняя, А.А.Леонтьев ж.б. илимпоздордун карым-катнаш психологиясы багытындагы изилдөөлөрү, Н.Оралбаева, А.С.Кыдыршаев, М.Р.Кондыбаева, С.Р.Рахметова, Т.К.Жумажанова, Ф.Оразбаева, Н.А.Тулкинбаев, М.Балакаев, Б.Шалабай чечендикти таанууну окутуу, сүйлөө маданиятын калыптандырууга жана өстүрүүгө арналган изилдөө жумуштары пайдаланылды.

Жогорку окуу жайларында жүргүзүлгөн иликтөөлөр көрсөткөндөй студенттердин көпчүлүгү жеткиликтүү сүйлөө маданиятына ээ эмес, ага керектүү билим жана адаттар тиешелүү деңгээлде өздөштүрүлгөн эмес. Сүйлөө учурунда айта турган ойдун маанисин сөз жүзүндө так жеткире албастан, четтен келген паразит-сөздөрдү жана жаргондук терминдер пайдаланылып, сөздү даана айтууда, грамматикалык тартипти сактоодо жаңылыштыктар кетирилет. Мындай жагдай билим берүүнүн сапатына түздөн түз таасирин тийгизип, лидер-студенттердин сүйлөө маданиятына өзгөчө көңүл бөлүүнү талап кылат. Себеби алдыңкы студенттер окуу предметтерин тез жана сапаттуу гана өздөштүрбөстөн, ошону менен бирге эле көпчүлүккө үлгү катары референттик милдетти аткарат. Сүйлөө маданияты, риторика ж.б.у.с. илимдин тармактары боюнча жазылган илимий эмгектер лидер студенттердин сүйлөө маданиятын өркүндөтүү маселесинин маңызын, түпкү маанисин терең

түшүнүүгө мүмкүндүк берет жана буга тиешеси бар кээ бир практикалык маселелерди чечүүгө шарт түзөт.

Бирок, жогорку билим алуунун шартында лидер студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү, алардын сүйлөө маданиятын өркүндөтүүнүн маселелерин теориялык жактан изилдөөнүн деңгээлинин жетишсиздиги коюлган тема боюнча атайын иликтөө жүргүзүүгө илимий талаптын келип чыгышын шарттады.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы диссертациянын темасынын теориялык жана практикалык актуалдуулугун аныктайт.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп лидер студенттердин сүйлөө маданиятынын калыптанышы, ал эми **предмети** катары алардын сүйлөө маданиятын өстүрүү процесси жана бул процесске педагогикалык таасир кылуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору каралды.

**Изилдөөнүн максаты.** Лидер студенттердин сүйлөө маданиятынын өзгөчөлүктөрүн педагогикалык-психологиялык иликтөөгө алуунун жана атайын даярдалган эксперименталдык материалдардын негизинде жогорку окуу жайдын шартында аны өстүрүүнүн натыйжалуу жолдорун жана усулдарын аныктоо.

Изилдөөнүн объектисине, предметине жана максатына ылайык төмөндөгүдөй **изилдөөнүн милдеттери** коюлду: **Педагогдордун чечендик таануу боюнча боюнча билиминин учурдагы абалын талдоо, андагы проблемаларды аныктоо.**

1. Илимий изилдөө иштерин окуп үйрөнүүнүн негизинде сүйлөө маданиятынын маани-мазмунун, сапатын жана ошондой эле лидер студенттердин сүйлөө маданиятынын деңгээлине, сапатына таасир тийгизе турган факторлорду изилдөө.
2. Лидер студенттердин сүйлөө маданиятына педагогикалык өңүттө таасир тийгизе турган методдордун жана каражаттардын комплексин негиздөө жана эксперименталдык жол менен аларды текшерип көрүү, жыйынтык чыгаруу, сунуштарды аныктоо.
3. Жогорку окуу жайда лидер студенттердин сүйлөө маданиятынын өстүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо.
4. «Лидер студенттердин сүйлөө маданияты» курсун иштеп чыгуу жана анын теориялык-педагогикалык негиздерин талдоо, зарылчылыгын негиздөө, аны окутуу процессинде ишке ашыруу.

Изилдөөнүн илимий **божомолу:** жогорку окуу жайында студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүү жана калыптандыруу натыйжалуу болот, эгерде:

- алардын сүйлөө маданиятын бийик деңгээли алдыңкы студенттердин сапаты, көрсөткүчү катары каралса;
- алардын сүйлөө маданияты боюнча билимин, адаттарын, сөздүк запасын, көпчүлүктүн астында сүйлөөнүн, кептин сапатын жогорулатууга болгон өз аракетинин натыйжасы жана студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүү үчүн илимий негизде даярдалган иш-чаралардын комплексин,

аталган багыттагы аракеттерди ишке ашырууга максаттуу умтулган окутучуулардын, педагогдордун ишмердүүлүгү натыйжалуу болсо;

- алардын келечектеги кесиптик чөйрөдөгү иштерине колдонууга атайын ылайыкталган сүйлөө маданияты боюнча билимдердин мазмуну туура аныкталса;
- студенттердин сүйлөө маданияты программасынын ж.б. мазмуну бүгүнкү талапка ылайык өркүндөтүлсө ж.б.

**Коргоого төмөнкүдөй жоболор сунуш кылынды:**

- лидер студенттердин сүйлөө маданиятын анын инсандык-руханий маданиятынын жана адистик деңгээлинин негизги элементи катары иликтөөнүн педагогикалык-психологиялык өңүттөрү;
- студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүүгө таасир тийгизген көптөгөн психологиялык-педагогикалык, лингвистикалык негизги факторлор: окутуучулардын, педагогикалык жааматтын ж.б. ишмердүүлүгү, студенттердин өзүнүн сүйлөө маданиятын жогорулатууга болгон аракети, активдүүлүгү, анын жеке-психологиялык сапаттарынын өзгөчөлүгү, тил чөйрөсүнүн таасири, ооз эки сүйлөөнүн же кептин жеткиликтүүлүгүн, көркөмдүгүн, деңгээлин аныктап турган лексикалык, грамматикалык, фонетикалык, психолингвистикалык ж.б.у.с. сапаттар ж.б. аныкталышы жана мүнөздөлүшү;
- лидер студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүү процессинин теориялык жана эксперименталдык негиздери;
- студенттердин сүйлөө маданиятын деңгээлин аныктоонун методикалары, лидер студенттердин сүйлөө маданияты боюнча билимдерин, тажрыйбаларды калыптандыруу принциптеринин иштелип чыгышы, анын системага келтирилиши, “Лидер студенттердин сүйлөө маданияты” боюнча курстун, лидер студенттердин сүйлөө маданиятын жогорулатуунун педагогикалык маселелери боюнча методикалар; сунуштар.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи** катары окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү жаатындагы философиялык-педагогикалык концепциялар, сүйлөө маданияты боюнча өкүлдөрүнүн, окумуштуу педагогдордун, психологдордун жана методисттердин, жалпы билим берүүнүн, анын акыркы этабы болгон профессионалдык билим берүү, аны өнүктүрүү теориялары жана практикасы, билим алуу процессинде угуучулардын сүйлөө маданиятын өнүктүрүү боюнча өз алдынча активдүүлүгүн, репродуктивдүү, ошондой эле чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандыруу боюнча негиз болуучу фундаменталдык эмгектер, окутууда сүйлөө маданиятын өстүрүүгө тиешеси бар чечендик таануу боюнча-нормативдик документтери алынды. Изилдөөнүн методдору: изилдөөгө алынган проблемага карата теориялык - дидактикалык талдоо жүргүзүү жана аны жалпылоо; изилденүүчү проблеманын теориялык

негиздерин ишке ашыруу үчүн алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбаларын иликтөө жана аны жалпылоо; жекече жана топтук аңгемелерди, анкета жүргүзүү жана тестирлөө, модулдук система аркылуу рейтингин аныктоо, студенттердин сүйлөө ишмердүүлүгүн талдоо; педагогикалык эксперименттер; эксперименттердин көрсөткүчтөрүн талдоочу методдор колдонулду.

**Изилдөөнүн этаптары.** Илимий-изилдөө жумуштары үч этаптан турат.

*Изилдөөнүн биринчи этабы* 2009-2010 - окуу жылдарына туура келди. Бул этапта изденүүчү тарабынан проблемага байланыштуу теориялык, илимий-методикалык, педагогикалык, философиялык, психологиялык, лингвистикалык ж.б. окуу-методикалык булактарды, материалдарды, диссертациялык изилдөөлөрдү талдоо жана топтоо, анализге алып, системага салуу, түшүнүктөрдүн аппаратын, методологиясын тактоо ж.б. иштер аткарылды.

*Изилдөөнүн экинчи этабы* 2009-2011 - окуу жылдарында өттү. Бул этапта изденүүчү тарабынан проблеманын теориялык-педагогикалык негиздери иликтенди, ага ылайык окуу программалар, окуу-методикалык материалдар, илимий макалалар топтолду жана талданды. Лидер студенттердин сүйлөө маданиятынын маңызын, анын деңгээлин баалоонун курсун адистиктерге ылайык максаттуу багытта жүргүзүү иштери аныкталды, ага ылайык окуу-методикалык каражаттарды түзүү иштери башталды. Бул мезгилде эксперименттик иштер жүргүзүлдү.

*Изилдөөнүн үчүнчү этабы* 2011-2012 - окуу жылдарына туура келет. Бул этапта изилдөө иштери жыйынтыкталды: эксперименталдык иликтөөдөн алынган жыйынтыктар тажрыйбада пайдаланылып, илимий макалалар, окуу-методикалык көрсөтмөлөр жарык көрдү, лидер студенттердин сүйлөө маданияты курсун окутуу боюнча атайын окуу программасы, окуу куралдары апробациядан өттү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**

- учурга ылайык студенттер үчүн сүйлөө маданиятын калыптандыруу жана өстүрүү боюнча жаңы маселелер каралып, алардын зарылдыгы негизделгендигинде;

- сүйлөө маданияты боюнча билимдерди, тажрыйбаларды калыптандыруу принциптери иштелип чыгып, системага келтирилгендигинде;

- риторика курсун окутуу процессинде лидер студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүү боюнча жаңы көндүмдөр, мүмкүнчүлүктөр түзүлгөндүгүндө ж.б.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:**

- диссертацияда иштелип чыккан программаларды, көнүгүүлөрдүн комплексин, тренингдерди, окуу-методикалык каражаттарды окуу процессине колдонуунун педагогикалык шарттарынын аныкталып жана негизделгендигинде ж.б.

- диссертациядагы изилдөөлөрдүн жыйынтыгын жогорку окуу жайларда аталган багыт боюнча программаларды, окуу-методикалык каражаттарды ж.б. иштеп чыгууда колдонууга болот.

**Коргоого төмөнкүдөй жоболор сунуш кылынды:**

1. Студентдер үчүн мыйзам-чечендикти таануу маданиятын калыптандыруу зарылчылыгынын негизделиниши;
2. Чечендик таану боюнча билимдерин, тажрыйбаларды калыптандыруу принциптеринин иштелип чыгышы, анын системага келтирилиши, аны окутуунун «педагогикалык үлгүсүнүн» түзүлүшү;
3. Иштелип чыккан методикалык моделдин окуу процессине колдонуунун педагогикалык шарттарынын аныкталышы жана окуу процессинде анын ишке ашырылышы;
4. Педагогикалык эксперименттин көрсөткүчтөрүнүн анализи жана анын жыйынтыктары, ага ылайык берилген сунуштар.

***Изилдөөнүн тыянактарынын ынанымдуулугу*:** проблеманын чечилишинин илимий-методологияга негизделгендиги; коюлган максат, милдеттерге ылайык изилдөө методдорунун туура колдонулганы, педагогикалык эксперименттин так аткарылышы, сунуштардын алгылыктуулугу изилдөөнүн ынанымдуулугун белгилейт.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Диссертациянын негизги мазмуну 12 илимий макалаларда, Кыргыз Республикасында жана Казахстанда өткөрүлгөн эл аралык жана республикалык маанидеги илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда жасалган докладдар, билдирүүлөр аркылуу талкууга алынган жана илимий жыйнактарда жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, эки баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Тиркеме иретинде 3 бапта атайын параграфта сунуш, тренинг, пландар, программалар, сабактардын системасы каралды. Жалпы көлөмү 200 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий проблема, изилдөөнүн обьектиси, максаты, предмети аныкталып, илимий божомолу, аткарууга тийиш болгон милдеттер, жоболор белгиленген. Андан сырткары, изилдөөнүн теориялык мааниси, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, изилдөө этаптары, тастыкталышы берилген.

Диссертациянын биринчи бабы **«Билим берүү тармагында сүйлөө маданиятын изилдөөнүн теориялык-методологиялык маселелери жана мүмкүнчүлүктөрү”** деп аталып, анда сүйлөө маданиятын изилдөөдөгү теориялык жана терминологиялык маселелер, билим берүүнүн тажрыйбаларын калыптандыруунун теориялык абалы талданган, сүйлөө маданиятын өнүктүрүүнүн коммуникативдик өңүтү жана анын практикалык мааниси такталган, сүйлөө маданиятын изилдөөдөгү методологиялык жана илимий маселелер, багыттар билим берүү процессинин контекстинде каралган жана илимий проблема негизделген.

Бул бапта кесипке багытталган атайын адистик билим даярдыгын түптөө процессине ылайык «Чечендик таану» курсун окутуунун теориялык маселелери каралган. Анда болочоктогу адис үчүн чечендик таануу боюнча билим берүүнүн педагогикалык негиздерин түзүүгө карата изилдөөлөр берилген. Бул теорияга ылайык, студент үчүн кесипке багытталган чечендик таануу боюнча билим берүүнүн окуу курсу, окуу-мтеодологиялык каражаттары ылайыктуу деп кабыл алынган. Андагы дидактикалык теорияга таянып болочоктогу педагогго зарыл болгон чечендик таанууну окутуу аркылуу сөз маданиятын калыптандыруу максатына ылайыкталып окутула турган «Чечендикти таануу» курсунун мазмунун аныктоого коюлуучу талаптар түзүлүп, анын методикалык система менен биримдигинин теориялык негиздери иштелип чыккан.

Илимий булактарга жана жүргүзгөн изилдөөлөрүбүздүн натыйжаларына таянып кесипке багытталган чечендик таануу боюнча билим берүү деп зарылдыгы белгиленди. Азыркы коомдогу тил илиминде коммуникативдик орчундуу маселелерге илимдин көңүлү бурулуп, андагы абдан күрдөөлдүү маселеге айлана баштады. Массалык маалымат каржаттарынын доору жүрүп, карым-катнаш, өз ара-байланышуу маселелери, нормативдик лингвистикадан, тилдик курамдарды синхрондук абалда сыпаттоодон коммуникативдик лингвистикага, тилди турмушта колдонуунун практикалык маселелерин изилдөөгө өтүү процесси кызуу жүрүп жатат. Мына ушунун натыйжасында тил илиминде "сүйлөө маданияты", "чечендик өнөр", "тилдик норма", сыяктуу жаңы тармактар, окуулар, илимдер калыптанып, өнүгө баштады. Азыркы кезде кыргыз жана казак тил илиминде бул жаңы багыттардын изилдениши жаңыдан гана башталды деп айтууга болот. Ошентсе да, жогорку окуу жайларда ушул жаңы багыттарга арналган "Риторика", "Сүйлөө маданияты", "Чечендик

өнөрдүн негиздери" ж.б.у.с. курстар окутулууда. Тилекке каршы, бул курстар боюнча эне тилдеги атайын адабияттардын жетишсиздиги студенттердин жаңы илимдерди терең өздөштүрүүсүнө кедергисин тийгизүүдө.

Сүйлөө маданиятын изилдөөнүн теориялык маселелерин кароодо чечендик өнөрүнүн жана аны таануунун /риторика/ пайда болуп, өмүр сүрүү доору миңдеген жылдарды камтыганын эске алууга туура келет.

Азыркы педагогика илими мугалимдин чечендик таануу боюнча-милдеттери, билим берүү боюнча коюлуп жаткан соңку талаптар, окутуунун стандарттары, концепциялары жана окуу программалары ар тараптан изилденип жаңы доорго ылайыктанууда.

Бул олуттуу маселени чечүү Кыргыз Республикасында элге билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялык максатына жараша, ага таянуу менен аныкталып келет.

Ошондой эле аталган (сүйлөө маданияты боюнча) маселе Кыргыз Республикасында да иликтөөгө алынып, өзүнчө жол басып өткөнүн көрүүгө болот. Бул маселе эне тилинин системалуу курсун тактап айтканда, фонетика, сөз жасоо, лексика жана фразеология, морфология, синтаксис, орфография жана пунктуацияны окуу программасындагы сүйлөө маданиятына байланышкан бөлүмдөр менен тыгыз биримдикте окутуп-үйрөтүүнү жолго коюп, анын методикасын азыркы талаптарга ылайык иштеп чыгуу аркылуу чечүү жалпы билим берүү системасынын алдында турган иш болуп саналат. Эне тилин окутуунун методикасында сүйлөө маданиятына көңүл буруу алгачкы окуу китептеринен, иликтөөлөрдөн методикалык эмгектерден эле башталган. Алгачкы кыргыз окумуштууларынын бири И.Арабаев студенттердин сүйлөө маданиятына өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруп, буга карата атайын тапшырмаларды киргизген. Тунгуч лингвист окумуштуу К.Тыныстанов студенттердин сүйлөө маданиятына, сөзүн өстүрүү үчүн кыргыз тили сабактарында текст менен иштөөгө чоң маани берип, өзүнүн бардык окуу китептерине көптөгөн этнопедагогикалык багыттагы көркөм тексттерди, элдик макал-лакаптарды кеңири киргизген.

Иште чечендик таануу боюнча маалыматты алгандыгынын деңгээлинин өлчөмү катары тактык, ыкчамдуулук, чечендик таануу боюнча билимди жаңы шарттарда пайдалануу, алган чечендик таануу боюнча алган көндүм-адаттарын андан ары улантып кетүү жана аларды практикада натыйжалуу пайдалануу ж.б. каралат.

Иштин биринчи бабпына байланыштуу сүйлөө маданиятын өстүрүүнүн окутуу процессиндеги теориялык-методологиялык, терминологиялык жана практикалык маселелери каралып, илимий булактардагы, изилдөөлөрдөгү, окуу программасындагы, окуу китептериндеги жана окутуу процессиндеги байланыштуу сүйлөө маданиятын абалы, алган орду жана мааниси тактaлды. Сүйлөө маданиятынын билим берүү системасында орун алып, калыптануу тарыхына илимий-методикалык негизде иликтөө жүргүзүлүп, абалы чагылдырылды.

Жогорку окуу жайында студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүү жана калыптандыруу, эгерде алардын сүйлөө маданияты боюнча билимин, адаттарын, сөздүк запасын, көпчүлүктүн астында сүйлөөнүн, кептин сапатын жогорулатууга болгон өз аракетинин натыйжасы жана студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүү үчүн илимий негизде даярдалган иш-чаралардын комплексин, аталган багыттагы аракеттерди ишке ашырууга максаттуу умтулган окутучуулардын, педагогдордун ишмердүүлүгү натыйжалуу болсо жана ошондой эле сүйлөө маданиятын өстүрүүгө тиешеси бар окуу предметтеринде, тилди окутууда, риторикада ж.б. алардын келечектеги кесиптик чөйрөдөгү иштерине колдонууга атайын ылайыкталган сүйлөө маданияты боюнча билимдердин мазмуну, көндүм, методологиялык базанын багыты туура аныкталса натыйжалуу болоору аныкталды.

Экинчи бап **«Жогорку окуу жайларда сүйлөө маданиятын калыптандыруунун педагогикалык-психологиялык негиздери»** деп аталып, анда студенттердин сүйлөө маданиятын калыптандыруунун психологиялык-логикалык негиздери иликтенип, жогорку окуу жайларында чечендик таанууну окутуу аркылуу сүйлөө маданиятын калыптандыруунун педагогикалык-тарбиялык негиздери аныкталды.

«Чечендикти таану» курсун студенттердин болочок кесибине максаттуу багытта окутууда чечендик таанууга психология илиминин катыштыгы боюнча маселеге кызыгуучулук мыйзам ченемдүү. Аталган темада изилдөө эмгектеринде кез келген үгүт-насыйкат жумуштарынын, пикир алмашуунун /дискуссия/, топ алдында сүйлөнөөр сөздүн өзүнчө психологиялык жагы бардыгы такталды. Чечендикти таануу негиздерин студенттерге жеткирүүдө, студент коомун чечендикке багыттоодо сөз сүйлөй турган аудиториянын, көпчүлүктүн психологиясын эске алуу, сөздүн адамдардын көңүл-күүсүнө, сезимине, иш-аракетине таасир этүү мүмкүнчүлүктөрүн жете билүүгө, түшүнүүгө үйрөтүү абдан маңыздуу. Чечендикти таануунун психология илимине негизделе турганын, аны пайдаланаарын моюндасак да, чечендик иш-аракеттин бардык маселелерин чечүүдө психологиялык амалдардын бир өзү гана башкы курал боло албастыгында. Изилдөөчүлөрдүн [48, 57; 51, 314] пикирине таянып бул маселе ар тараптан негизделип, иликтенди.

Ошондой эле ушул өңүттөн кароо учурунда пайда болуучу башка маселелердин жана алардын чечимин табууда психология илими менен эсептешүүчү жагдайлар төмөнкүчө, деп белгиленди:

- угуучулардын назарын оодара билүү, аны жыйнакташтыруу;
- чечен менен аудиториянын аралык байланышын калыптандыруу /маалыматты тандоо, тууралоо, жеткирүү, сунуштоо иштери, үлгүлөрү кандай багытталды/;
- бул иштерди башкарууга болоору же болбостугу;
- ар түрлүү аудиториянын психологиялык өзгөчөлүктөрү;
- аларды кандай убакта эскерүүгө, пайдаланууга болот ж.б.

Изилдөөдө «чечен-студенттин» психологиялык маданияты: 1) психология кажет кылган талаптарды орундоо менен; 2) сүйлөнөөр сөздүн мазмуну,

формасы менен; 3) чечендин инсандык сапаты менен; 4) аудитория өзгөчөлүктөрү менен айкындалаары такталды. Алгачкы кезекте тилдик карым-катнаш учурунда чечен менен аудиториянын өз ара байланышын төмөнкү схемада караштылды:




Бул жерде чечендин башкы милдети – маанилүү маалымат сунуштоо, угуучуларды ишендиргендей таасир этүү. Чечен сөз сүйлөө процессинде аудитория активдешүүгө умтулат /маалыматты тактоо, далилдөө, ишендирүү, чакыруу (уран салуу) жана башка аркылуу/. Ошондой эле аудитория чечен көз карашын, пикирин колдой же колдобой, өзүнчө калып менен, мүнөз менен, суроктар менен, репликалар менен сүйлөшүү, эң акыры келип сүйлөнөөр сөзгө тактоо берүү, таасир этүү аркылуу жооп кылат. Демек, бул арадагы чечендик сөз алдын-ала чечендин өңдөп-өлчөөсүнөн, бышырып-түшүрүшүнөн өткөн, күнү мурун даярдалган текстин өз кезегинде жай гана «окулушу же добушка оодарылышы» эмес.

Изилдөөчүнүн пикри боюнча,«чечен-студент» аудиторияга таасир этүүнүн куралдарын дал, айкын билүүгө тийиш. Алар төмөнкүчө:

1) Тыбыштык каналдар:

- лингвистикалык /тил аркылуу/;

- паралингвистикалык /добуш күчү, жогорку-төмөн тембри, интонациясы, сүйлөө ыргагы; логикалык; психологиялык өзгөчөлүктөр/.

2) Визуалдуу каналдар:

- кинетикалык /чечендин жүрүш-турушу, ымдоо-ишараты, дене кыймылы (жест), бет кыймылы (мимика), көз карашы/.

Демек, топ алдында ооз эки сүйлөөнүн көптөгөн артыкчылыктарынын бири – чечендин ыңгайында сөз сүйлөөгө колдоноор атайын методологиясынын, куралдарынын болуусу. Алар дабыштык, визуалдык, тилдик /вербалдык (лат. Verbum - сөз), сүйлөнөөр сөз менен тикелей байланышты тилдик (добуш, интонация) жана вербалдуу эмес (ымдоо, ишарат, мимика, жүрүш-туруш)/ куралдар. Карым-катнаштын бул атайын каналдары маалыматты сунуштоо үчүн да, ошондой эле керектүү адистешкен-психологиялык жагдайды жаратуу, калыптандыруу үчүн да колдонулат. Булар угуучулардын санаасына да, сезимине де таасир этүүгө көмөктөшөт.

Изилдөө тажрыйбаларына [67, 97] таяна жыйынтыктасак, угуучулардын көңүлүн оодаруу менен кызыгуусун арттырууда белсендирүүнүн куралдары булар:

- ынанымдуу, таасирлүү сөз башы;

- атайын даярдалган кыска-нуска тезис;

- талкуунун сурак-жооп түрү ж.б.

Ал бул багыттагы тилдик сүйлөө куралдарын төмөнкүчө топтоп сунуштоого болоор эле:

- адабияттагы образдарды, даректүү сөздөрдү ж.б. орундуу пайдалануу;
- түрлүү стилдик, экспрессивтик лексиканы колдонуу;
- баяндоонун көркөмдүгү;
- сөздүн /сүйлөө тилинин/ натыйжалуу бир калыпта алып болуусу;
- сөздүн манерасын, добуш, тембр, күчүн, жогорку-төмөндүгүн, сөз ыргагын элеп-экчөө; киришүүгө психологиялык сын көз менен кароо.

Жогоруда айтылгандарга шайкеш адистик куралдар төмөндөгүдөй негизде каралат:

- проблемалык жагдайдарды караштыруу;
- сөздүн негизги этаптарын бөлүп иликтөө;
- баяндоонун пикир алмашуу, тартышуу /полемика/ калыбын да эске алуу;
- аудитория менен байланышты жигине жеткире иликтөө;
- көрнөк-жарнактарды жана техникалык куралдарды натыйжалуу колдонуу;
- көпчүлүк көңүлүн калыбына келтирүү үчүн аудиторияга карата эскерте, чегелей сүйлөөнүн кажетүүлүгүн эске алуу.

Чечен негизги сөзгө киришүүдө аудитория менен болуп жаткан карым-катнаш максаты менен келечеги тууралуу, а сөз корутундусунда — айтыла турган жыйынтыктоочу ойлор менен түйүндүү фактылар, маанилер тууралуу ойлоно отуруп, сүйлөнөөр сөздөгү башкы маселени эсте сактоого, андан кабар берүүгө, далилдөөгө, аракеттенүүгө милдеттүү. Мындай шартты бузбай сактоо кыскача үгүттөө сөзүн курaштыруунун бирден-бир таасирлүү амалын бекемдөөгө көмөктөшөт. Бул чечендин сөз башына проблеманы орундуу коё алуусуна /көбүнчө риторикалык суроо түрүндө/ жана коюлган суроонун мазмунун камтыгандай, бардык айтылгандарды сөз соңунда ынанымдуу жыйнактоого таасирин тийгизет эле.

Диссертациялык иште ошону менен бирге эле ар түрдүү окуу формалары, изилдөөнүн педагогикалык негиздери каралды.

Жалпысынан, мындай окутуунун иште каралган формаларын иликтеп келип корутундуларын чыгаруу менен, ага катышуучулар чечендик таануунун бардык маселелери коммуникациянын таасирлүүлүгүнө байланыштуу экендигин белгилешти. Ошол себептен, азыркы коомдогу чечендик таануунун ролун баалоонун да оңой эместиги айтылды.

Демек, жогорку окуу жайындагы гуманитардык жана техникалык адистиктеги бөлүмдөрдө чечендик таануу курсунун аз гана саат өлчөмүндө болуусу сабактын ар бир саатының максималдуу пайдалануунуну, таасирдүү сабак берүүнүн кажетүүлүгүн көрсөтөт. Көпчүлүк жагдайда лекция-диалог, лекция-практикалык сабак, коммуникативтик оюн, семинар-пикир алмашуу сыяктуу окутуунун белсемдүү формаларын колдонуунун кажетүүлүгүн айгинелейт.

**«Лидер студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүү багытында иштелип чыккан окуу-методикалык каражаттар жана эксперименталдык изилдөө»** деп аталган акыркы бапта лидер студенттердин сүйлөө маданияты» атайын курсунун программасы берилип, мурда иштелип чыккан лидер

студенттердин сүйлөө маданиятын калыптандырууга арналган тапшырмалар, тренингдер жана сабактардын системасы сунушталып, педагогикалык эксперименттин этаптары жана жыйынтыктары чыгарылат. Атайын ылайыкталып түзүлгөн типтүү программанын структурасы жана анын мазмуну иликтенип ишке ашыруу маселелери, анын методикалык негиздери жана окутуу технологиясы каралган. Окуу планына ылайык атайын түзүлгөн программанын негизинде «Чечендик таану» курсун окутуунун алкагында ар кесипте окуп жатышкан студенттердин чечендик таануу аркылуу сөз маданиятын калыптандыруу боюнча аткарылуучу аудиториялык жана аудиториядан сырткары иш-чаралардын жаңыча формалары иштелип чыккан. Изилденип жаткан темага ылайык педагогикалык практикада топтолгон тажрыйбаларга жүргүзгөн изилдөөлөрүбүзгө таянып алгылыктуу иш-чаралар сунушталды. Лидер студенттердин сүйлөө маданиятын калыптандырууну чечендик таануу /риторика/ негиздерин окутуу аркылуу жүзөгө ашыруу иштери М.Өтөмисов атындагы Батыш Казакстан мемлекеттик университетиндеги жана Жангир хан атындагы Батыш Казакстан агрардык-техникалык университетиндеги чечендик таануу предеметтик сабактарында 2004-2010-жылдардын аралыгында жүргүзүлдү.

Лидер студенттердин көпчүлүктүн алдында сөз сүйлөө практикасынын, байкоо, сурамжылоо, анкета алуу иштери ж.б. натыйжаларына таяна турган болсок, анда жалпысынан алганда жогорку окуу жайларынын лидер студенттерин чечендик таанууну окутуу начар натыйжаны көрсөткөн жок деп айтууга болот.

Методологиялык эксперимент процессинде алынган маалыматтар иликтөө ишибиздин божомолун тыянактап бекитет жана сунушталган методологиянын тууралыгын далилдейт.

Атайын эксперимент негизинен 2006-2010 жылдары 1-2 курстун лидер студенттери менен чечендик таануу курсу боюнча сабактарында / филология, тарых жана укук, физика-математика, политехникалык, ветеринарлык медицина жана биотехнология ж.б. бөлүмдөрүндө/ жүргүзүлдү.

